| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**9.01.2023-ж. №6.** **Боо-Терек айылы.**

**Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлеринен ижарага аукциондон өтпөй калган жана Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы аукциондон өтпөй калган жерлерди жарандарга ижарага түз берүү үчүн, баасын аныктап бекитип берүү жөнүндө**

Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы XX сессиясы, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №494 токтомун жетекчиликке алып жана күн тартибиндеги маселе боюнча айылдык Кеңештин депутаттарынын сунуштарын угуп, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлеринен ижарага аукциондон өтпөй калган жана Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы аукциондон өтпөй калган жерлерди жарандарга ижарага келишимдин негизинде түз берүүдө ижара акысы төмөнкүдөй болуп бекитилсин:
   - Ижара акынын көлөмү жер салыгы боюнча 30 эсе көбөйтүлүп, жыйынтыгында келип чыккан өлчөмгө ылайык белгиленсин;
   - Ижара акынын ичинде Мамлекеттик соц.фонд жана салыгы камтылсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **А. Мамыралиев**